# Kyrgyz - Free from Death Scriptures

Рим 6:23 Анткени күнөө үчүн жаза – өлүм, ал эми Кудайдын белеги – Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу бериле турган түбөлүк өмүр.
Рим 8:2 Анткени Машайак Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту.
2 Тимотей 1:10 Бирок бул ырайым азыр Куткаруучубуз Ыйса Машайактын келүүсү аркылуу ачыкка чыкты. Ал өлүмдү жеңип, Жакшы Кабар аркылуу өмүрдү жана өлбөстүктү жарыкка алып чыкты.
Job 5:2 Ошентип, акылсызды каардуулугу өлтүрөт, эси жокту туталангычтыгы өлтүрөт.
Ошуя 13:14 Мен аларды өлгөндөр жаткан жайдын бийлигинен кун төлөп куткарам, аларды өлүмдөн куткарам. Өлүм! Сенин уу тишиң кайда? Өлгөндөр жаткан жай! Сенин жеңишиң кайда? Өкүнүү көздөрүмдөн жашыруун.
Забур 9:14 Мага ырайым кыл, Теңир. Жек көргөндөрдөн тарткан азабыма көз сал, мени өлүмдөн сактоочу бир Өзүңсүң.
Job 6:26 Ашкерелегенге сөз ойлоп жатасыңарбы? Сөзүңөрдү текке кетирип жатасыңар.
Job 33:22 Анын жаны көргө, өмүрү өлүмгө жакындайт.
Жезекиел 37:12,13 Ошондуктан пайгамбарчылык кылып, аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мына, Мен силердин мүрзөлөрүңөрдү ачып, мүрзөлөрүңөрдөн алып чыгам, Менин элим. Анан силерди Ысрайыл жерине алып келем. 13 Мүрзөлөрүңөрдү ачып, силерди мүрзөлөрүңөрдөн алып чыкканда, Менин элим, Менин Теңир экенимди билесиңер.
Матай 27:52 Мүрзөлөр ачылып, ыйык маркумдар тирилишти.
Башталыштар 2:7 Анан Кудай-Теңир топурактан адам жаратып, анын жүзүнө өмүр демин үйлөдү, ошондо ал тирүү жан болуп калды.
Башталыштар 6:17 Эми Мен асман астындагы өмүр деми бар тирүү жандын баарын жер бетинен жок кылыш үчүн, топон суу каптатам. Жер бетиндегинин бардыгы өмүрүнөн ажырайт.
Башталыштар 7:15 өмүр деми бар тирүү жандыктардын баары түгөйү менен Нухтун кемесине киришти.
Башталыштар 7:22 Кургактыкта жашаган, таноосунда өмүр рухунун деми бар тирүү жандардын бардыгы кырылды.
Job 12:10 Ар бир тирүү жандын жаны, ар бир адамдын руху Анын колунда.
Job 33:4 Мени Кудайдын Руху жараткан, мага кудуреттүү Кудайдын деми жан берген.
Элчилер 17:25 Ал бир нерсеге муктаждыгы бардай болуп, адамдардын

колунун кызматын талап кылбайт, анткени бардыгына өмүр, дем жана керектүү нерсенин бардыгын берген – Ал Өзү.

Аян 13:15 Жырткычтын айкели сүйлөшү үчүн, өз ишин жүргүзүп, өзүнүн айкелине табынбаган ар бир адамды өлтүрүшү үчүн, ага анын айкелине рух киргизүүгө бийлик берилди.

Жакан 10:10 Ууру уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн гана келет. Мен адамдардын өмүргө, ашып-ташыган өмүргө ээ болушу үчүн келдим.

Исаия 28:15 Силер: «Биз өлүм менен келишим түздүк, өлгөндөр жаткан жай менен макулдаштык: бардыгын кыйратуучу камчы өтүп бара жатканда, бизге жетпейт, анткени биз жалганды өзүбүзгө баш паана кылып алдык, алдамчылыкка жашынып алдык», – дегениңер үчүн,

Исаия 28:18 Ошондо өлүм менен түзгөн келишимиңер бузулат, өлгөндөр жаткан жай менен түзгөн келишимиңер ишке ашпайт. Баарын кыйратуучу камчы өтүп бара жатканда, силер тебеленип каласыңар.

Исаия 5:24 Мына ошон үчүн саманды от жалмагандай, чөптү жалын жок кылгандай, алардын тамыры күйүп жок болот, алардын өңү топурактай сапырылат. Анткени алар Себайот Теңирдин мыйзамын четке кагышты, Ысрайылдын Ыйыгынын сөзүн жек көрүштү.

Joel 1:12 Жүзүм сабагы куурады, анжыр дарагы соолуду. Анар, курма жана алма бактары – талаадагы бүт дарактар куурап калды. Ошондуктан адам баласынан кубаныч жоголду.

Ошуя 13:15 Эпрайым бир туугандарынын арасында жемиштүү болсо да чыгыш шамалы, чөлдөн көтөрүлгөн Теңир шамалы, келет, ошондо анын булагы соолуйт, башаты какшыйт: ал шамал бардык кымбат баалуу нерселер сакталган казынаны кыйратат.

Аян 22:1 Анан ал мага Кудайдын жана Козунун тактысынан агып чыгып жаткан өмүр суусунун кристаллдай тунук дарыясын көрсөттү.

Жакан 4:10 Ыйса аялга: «Эгерде Кудайдын белеги эмне экендигин жана сенден суу сураган Ким экендигин билсең, сен Андан өзүң сурар элең, ошондо Ал сага тирүү суу бермек», – деп жооп берди.

Жакан 4:14 Ал эми Мен берген суудан ичкен адам түбөлүк суусабайт. Мен бере турган суу анын ичинде түбөлүк өмүргө агып баруучу булакка айланат».

Акылмандык 13:14 Акылдуунун окутуусу – өлүмдүн торунан сактап кала турган өмүр булагы.

Акылмандык 14:27 Теңирден коркуу – өмүр булагы, ал өлүм торунан сактайт.

Жезекиел 13:17-23 Адам уулу, сен болсо өз элиңдин өз жүрөгүнөн пайгамбарчылык кылып жаткан кыздарына жүзүңдү буруп, аларга каршы пайгамбарчылык кылып, 18 мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт де: "Колтуктун астына сыйкырдуу жаздыкча тиккендерге, адамдарды тузакка түшүрүш үчүн, ар кандай бойдогу адамдардын баштары үчүн жабуу

жасагандарга кайгы! Менин элимдин жанын тузакка түшүрүү менен өз жаныңарды сактап калабыз деп турасыңарбы? 19 Жалганды уккан элиме жалган сүйлөп, өлбөш керек болгон жандарды өлтүрүп, жашабаш керек болгондордун жанын калтырып, бир ууч арпа үчүн, бир кесим нан үчүн Өз элимдин арасында Мени уят кылдыңар"”. 20 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен силердин сыйкырдуу жаздыкчаңарга каршымын, ал жаздыкчалар менен силер чымчыкты тузакка түшүргөнсүп, жандарды тузакка түшүрүп жатасыңар, Мен аларды колтугуңардын астынан жулуп алып, тузакка түшкөн чымчыкты эркиндикке коё бергендей, силер тузакка түшүргөн жандарды эркиндикке чыгарам. 21 Мен силердин жабууңарды тытып, Өз элимди силердин колуңардан куткарам. Алар мындан ары колуңарга түшкөн олжо болбойт, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер. 22 Мен Өзүм кайгыга салууну каалабаган адил адамдын жүрөгүн силер жалгандык менен кайгыга салганыңар үчүн, мыйзамсыз киши өзүнүн бузулган жолунан бурулбасын деп, өз өмүрүн сактап калбасын деп, анын иштерин колдоп жатканыңар үчүн, 23 мындан ары жалган көрүнүш көрбөйсүңөр, жалган пайгамбарчылык кылбайсыңар. Мен Өз элимди силердин колуңардан куткарып алам, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер”».

Жеремия 21:8 «Бул элге айт: Теңир мындай дейт: “Мына, Мен силерге өмүрдүн жолун жана өлүмдүн жолун сунуш кылып жатам:

Job 34:22 Мыйзамсыз иштерди кылгандар жашына турган караңгы жер жок, өлүм көлөкөсү да жок.

Забур 15:10 Анткени Сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайда калтырбайсың, Өз ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң.

Забур 22:4 Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени менensiң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат.

Забур 29:4 Теңирим! Сен жанымды өлгөндөр жаткан жайдан алып чыктың, көргө кирбешим үчүн, мени тирилттиң.

Забур 48:16 Бирок Кудай мени кабыл алып, жанымды өлгөндөр жаткан жайдын бийлигинен куткарат.

Забур 55:14 анткени Сен менин жанымды өлүмдөн куткардың, Кудайдын алдында, тирүүлөрдүн арасында жүрүшүм үчүн, бутумду да мүдүрүлткөн жоксуң.

Забур 67:21 Кудай биз үчүн – куткаруучу Кудай, өлүм күчтөрү бардыгын кармап туруучу Теңирдин бийлигинде.

Забур 88:49 Адамдардын арасынан ким жашап, бирок өлүмдү көрбөй калды экен? Ким өз жанын өлгөндөр жаткан жайдын колунан куткарып алды экен?

Забур 101:20,21 Анткени Ал Өзүнүн ыйык бийиктигинен жерди карап турат. Теңир асмандан жерге көз салып турат. 21 Ал туткундардын онтогон үнүн

угат, өлүмгө кыйылган уулдарды куткарат.

Забур 114:8 Сен менин жанымды өлүмдөн, көздөрүмдү жаштан, буттарымды мүдүрүлүүдөн куткардың.

Акылмандык 10:2 Жалган жолдор менен табылган байлык пайда алып келбейт, адилдик болсо өлүмдөн куткарат.

Исаия 26:19 Сенин өлгөндөрүң тирилишет, өлүү денелер кайра турушат! Топуракта жаткандар, ойгонгула да кубангыла! Анткени Сенин шүүдүрүмүң – өсүмдүк шүүдүрүмү. Жер өлгөндөрдү бүркөт».

Жахан 5:28,29 Буга таң калбагыла, анткени мүрзөдө жаткандардын баары Кудай Уулунун үнүн уга турган убак келет. 29 Ошондо өлгөндөр мүрзөдөн чыгышат: жакшылык кылгандар өмүргө ээ болуу үчүн, жамандык кылгандар соттолуу үчүн тирилишет.

Жахан 10:28 Мен аларга түбөлүк өмүр берем, алар эч качан өлүшпөйт. Аларды Менин колумдан эч ким тартып ала албайт.

Жахан 11:43,44 Муну айткандан кийин, Ал бийик үн менен: «Лазар, чык!» – деди. 44 Ошондо колу-буту кепинделген Лазар мүрзөдөн чыгып келди. Анын бети-башы да оролуу эле. Ыйса аларга: «Анын кепинин чечкиле, бассын», – деди.

Жахан 12:17 Ыйсанын жанында жүргөн эл Анын Лазарды мүрзөдөн чакырып, тирилткенин күбөлөндүрүп жатты.

Жахан 17:2 Сен Ага ар бир адамдын үстүнөн бийлик бердиң. Өзүң Ага кимдерди берсең, ошолордун баарына Ал түбөлүк өмүр берет.

1 Коринф 15:19-26 Эгерде Ыйсага ушул жашоодо гана үмүттөнүп жатсак, анда биз эң бактысыз адамдарбыз. 20 Бирок Машайак өлгөндөрдүн арасынан биринчи болуп тирилди. 21 Өлүм бир адам аркылуу келген сыяктуу эле, өлгөндөр бир Адам аркылуу тирилишет. 22 Адам атанын айынан баары өлүштү, ал эми Машайак аркылуу баары тирилишет. 23 Ар бири өз кезеги менен тирилет: адегенде Машайак, Машайак келгенде, машайакчылар тирилишет. 24 Машайак бардык бийликти, үстөмдүк кылуучулукту жана күчтү жоюп, Падышачылыкты Кудай Атага өткөрүп бергенден кийин, баарынын акыры келет. 25 Анткени Ал бардык душмандарын Өзүнүн бут алдына жыкканга чейин бийлик жүргүзүүгө тийиш. 26 Өлүм акыркы душман катары жок болот.

2 Коринф 1:9,10 Өзүбүздү өлүм жазасына өкүм кылынган адамдардай сезген элек. Бул кыйынчылык өзүбүзгө таянбай, өлгөндөрдү тирилткен Кудайга таянышыбыз үчүн болду. 10 Ал бизди өлүм коркунучунан куткарып алды, куткарып жатат, дагы да куткарат деп, биз Андан үмүттөнөбүз.

2 Коринф 3:6 Ал бизге Жаңы Келишимдин кызматчылары болууга жөндөмдүүлүк берди. Бул кызмат болсо – мыйзам тамгасына эмес, Рухка негизделген кызмат. Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет.

Колоса 1:21,22 Жаман ойлоруңардын жана жаман иштериңердин айынан бир кезде Кудайга бөтөн жана душман болгон силерди да 22 Кудай Анын денеси, өлүмү аркылуу Өзү менен элдештирди. Ал силерди Өзүнүн алдында ыйык, кемчиликсиз жана айыпсыз кылып тургузуу үчүн ушундай кылды.

Hebrews 2:9 Бирок биз периштелердин алдында бир аз эле убакытка басынтылган Ыйсанын өлүмдү баштан кечиргендиги үчүн даңк менен урматты таажы катары кийгендигин көрдүк. Ал Кудайдын ырайымы боюнча бардыгы үчүн өлүмдү башынан кечирди.

Hebrews 2:14,15 Балдарынын денеси эттен жана кандан тургандыктан, Ыйса да эт менен кандан турган денеге ээ болду. Ал Өз өлүмү менен өлүм бийлигине ээ шайтанды күчүнөн ажыратыш үчүн, 15 өлүмдөн коркуп, өмүр бою кул болуп жүргөндөрдү эркиндикке чыгарыш үчүн, денеге ээ болду.

Hebrews 11:5 Ишенгендиги үчүн Энох асманга алынды, ал өлгөн жок. Аны таппай калышты, анткени аны Кудай алып кетти. Алынып кетерден мурун ал Кудайга жаккандыгы жөнүндөгү күбөлөндүрүүгө ээ болгон эле.

1 Петир 3:18 Себеби Машайак да бизди Кудайга алып келүү үчүн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн бир ирет азап тартты. Адил Адам адилетсиз адамдар үчүн азап тартты. Анын денеси өлтүрүлдү, бирок руху тирилтилди.

2 Петир 1:3 Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук.

1 Жахан 3:14 Өлүмдөн өмүргө өткөнүбүздү биз билебиз, анткени бир туугандарыбызды сүйөбүз. Бир тууганын сүйбөгөн адам өлүмдүн бийлиги астында.

1 Жахан 5:11 Кудайдын күбөлөндүрүүсү болсо бул: Кудай бизге түбөлүк өмүр берди. Ал өмүр Анын Уулунда.

Аян 21:6 Анан мага мындай деди: «Аткарылды! Мен Альфамын жана Омегамын, башымын жана аягымын. Суусаганга тирүү суунун башатынан сууну бекер берем.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org